**2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Ысык-Ата районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

**Отчёт**

**Аудит субъекттери**

Аудит субъекттери болуп – Чүй областынын Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ысык-Ата финансы башкармалыгы, Ысык-Ата районунун Өнүктүрүү фонду, Ысык-Ата районунун **9** өз алдынча башкаруу органдары жана **9** муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жоопту тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тийешелүү критерийлери боюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчётто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 100, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүмдөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча колдонмосуна ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аудиттин предметтери**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйругунун аткарылышы.

Айылдык аймактын (шаардын) социалдык-экономикалык абалын талдоо жүргүзүү.

Бюджеттик процесстин мыйзам чыгаруу ченемдерине шайкештигине аудит.

Жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн түзүлүшүнө аудит.

Жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышына аудит.

Эмгек акыны төлөөгө бөлүнгөн каражаттардын колдонулушуна аудит.

Тамактанууга бөлүнгөн каражаттардын колдонулушуна аудит.

Отчёт алынуучу суммаларга жана насыя/дебитордук береселерге аудит.

Мүлктү сатып алууга бөлүнгөн каражаттын колдонулушуна жана аны эсептен чыгарып салуунун тууралыгына аудит.

Муниципалдык менчиктеги объекттерди курууга, алардын капиталдык жана күнүмдүк ремонтуна бөлүнгөн каражаттын колдонулушуна аудит.

Автотранспортту күтүүгө бөлүнгөн каражаттын колдонулушуна аудит.

Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрүн төлөөгө бөлүнгөн каражаттын колдонулушуна аудит.

Сатып алууларга аудит.

Муниципалдык менчикти башкарууга аудит.

Жергиликтүү бюджеттин аудитине байланышкан маселелер боюнча муниципалдык ишканаларга аудит.

Муниципалдык ишканалардын бюджетинин түзүлүшүнө аудит.

Жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын колдонулушуна аудит.

Эсепке алуунун жана отчеттуулуктун уюштурулушуна аудит.

Бухгалтердик эсептин абалына аудит

Финансылык башкаруу жана контролдоо системасына аудит.

Финансылык отчеттуулукту түзүүгө аудит.

Ишмердикти жөндөөчү укуктук-ченемдик актылар, ички документтер (айылдык кеңештердин токтомдору, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын буйрутмалары, жоболор, нускамалар ж.б.).

2024-жылга жергиликтүү бюджеттин сметалары, аткарылышынын отчёттору жана анын тиркемелери, бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчёттор (№2 форма), атайын эсептин каражаттарын сметасынын аткарылышы жөнүндө отчёттор (№4 форма), сметанын аткарылышынын жыйынды балансы, баланстын тиркемелери, казыналык, банктык жана кассалык отчёттордун операциялары.

Чыгымдар сметасына эсептөөлөр, штаттык ырааттамалар, бухгалтердик, каржы-экономикалык документтер. Киреше жана чыгыша планынын аткарылышы, ишканалардын жана мекемелердин жыйынды балансттары, негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын кыймылы жөнүндө отчёттор, ж.б. документтер менен материалдар.

**Аудиттин критерийлери**

Аудиттердин предметтери төмөнкү критерийлер менен бааланган:

Кыргыз Республикасынын Конституциясы.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамы.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгы.

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамы.

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы.

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы.

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын штаттык санынын типтик структурасын бекитүү» жөнүндөгү токтому.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө токтому.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26-августундагы 2008-жылдагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтому.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы № 778 "Иш сапардык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтому.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтому.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускама.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Жобо.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы № 535 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик менчикте турган жер участокторун берүү тартиби жөнүндө" Жобо.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябры № 571 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Типтүү жобо.

Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобо.

Башка укуктук ченемдик актылар, мекемелердин жана ишканалардын ички документтери, ж.б.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясында, Ысык-Ата районунун өнүктүрүү фондунда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин

Ысык-Ата финансы башкармалыгында, Ысык-Ата районунун **9** өз алдынча башкаруу органдарында жана **9** муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит субъекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудиттерди жүргүзүү үчүн аудитке берилген маалыматтар үчүн аудит субъекттеринин кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

Ушул отчётто жазылган корутундуларды камсыздоо үчүн чогултулган аудитордук далилдер жетиштүү жана талаптарга жооп берет.

Ысык-Ата районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ысык-Ата райондук финансы башкармалыгынын жана муниципалдык ишканаларын тандоо, аудитти пландоо, олуттуулук факторлорун аныктоо, 2024-жылдагы чыгымдар көлөмүнө жана иштин мүнөзүнө жараша жүргүзүлгөн (материалдар ар бир аудит объектиси боюнча өзүнчө түзүлгөн).

**2023-жылдын1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Чүй областынын Ысык-Ата районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы менен жиберилген жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы**

2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Ысык-Ата районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттерин жыйынтыгында баардыгы 104 954,2 миң сомго каржы бузулар жана кемчиликтер аныкталган.

Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 2 758,7 миң сом суммасындагы каржы бузуулар бүгүнкү күнгө 1 672,9 миң сом калыбына келтирилген, ал эми 1 103,8 миң сом калыбына келтирилбей келет, анын ичинен:

**Ак-Кудук айыл өкмөтү:**

- "Биринчи май айылына 10/0,4 кВт ТП орнотуу менен Ынтымак көчөсүн электр менен жабдуу боюнча иштерди сатып алуу" объектиси боюнча Аткаруучу «Бишкек электро» ААК тарабынан жумуштардын 64,8 миң сомго негизсиз жогорулатылган наркы Аткаруучудан өндүрүлгөн эмес;

**Жээк айыл өкмөтү:**

- Аудит учурунда эсептелген 24,9 миң сом айып төлөм Аткаруучу "Альфа Грант Компани" ЖЧКнун эсебинен өндүрүлгөн эмес. Бүгүнкү күнгө аткаруучудан өндүрүлгөн.

**Интернационал айыл өкмөтү:**

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 7-главасынын 3-параграфынын 3.1 пунктун жана 3-Главасынын 3-параграфынын 26-пунктун бузуу менен, тастыктоочу баштапкы бухгалтердик документтери жок жалпы суммасы 620,0 миң сомго негизсиз эсептен чыгарылган ТМБ калыбына келтирилген эмес.

**Кең-Булуң айыл өкмөтү:**

- Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте Аткаруучу “Нур-Абад” ЖЧК тарабынан жалпы **394,1 миң сомго** жумуштардын негизсиз жогорулатылган наркы Аткаруучудан өндүрүлгөн эмес, анын ичинен:

- “Кең-Булуң айылындагы орто мектептин имаратындагы негизги блоктун терезе блокторун алмаштыруу” объектиси боюнча 77,0 миң сом;

- “Кең-Булуң айылындагы орто мектептин башталгыч класстардын имаратындагы терезе блокторун алмаштыруу” объектиси боюнча 317,1 мин сом.

Мындан тышкары, түзүлгөн келишимдердин шарттарын аткарбагандыгы үчүн аудитте Аткаруучу “Нур-Абад” ЖЧКна **6,3 миң сомго** чегерилген айыптык төлөм өндүрүлгөн эмес, анын ичинде:

- “Кең-Булуң айылындагы орто мектептин имаратындагы негизги блоктун терезе блокторун алмаштыруу” объектиси боюнча 2,1 миң сом;

- “Кең-Булуң айылындагы орто мектептин башталгыч класстардын имаратындагы терезе блокторун алмаштыруу” объектиси боюнча 4,2 миң сом.

- “Гидростроитель айылындагы орто мектептин китепканасын оңдоо” объектиси боюнча Аткаруучу “Ак-Бата келечеги” ЖЧКнун эсебинен **56,8 миң сом** бюджетке өндүрүлгөн эмес;

- Аткаруучу “Азия прогресс групп” ЖЧКнун эсебинен **136,2 миң сом** бюджетке өндүрүлгөн эмес.

**Узун-Кыр айыл өкмөтү**

Аткаруучулардан **132,5 миң сом** бюджетке өндүрүлгөн эмес, анын ичинде:

- “Алма-Ата көч., Школьная көч., Чапаев көч. асфальт-бетон катмарын оңдоо" объектиси боюнча Аткаруучу “Кантдорстрой” ЖЧКнун эсебинен 77,9 миң сом өндүрүлгөн эмес;

- “Новопокровка айылындагы №3 орто мектептин кичи футбол аянтчасын куруу” объектиси боюнча Аткаруучу “Гарант Компани” ЖЧКнун эсебинен 16,9 миң сом өндүрүлгөн эмес;

- “Сары-Жон айылында кичи футбол аянтчасын куруу” объектиси боюнча Аткаруучу “Гарант Компани” ЖЧКнун эсебинен 16,9 миң сом өндүрүлгөн эмес;

- “Достук айылындагы көчөлөргө шагыл төшөө жана грейдерлөө” объектиси боюнча Аткаруучу “Солто Курулуш” ЖЧКнун эсебинен 20,8 миң сом өндүрүлгөн эмес.

2026-жылдын 29-апрелине карата берилген маалыматтарга ылайык, аткаруучулардан бюджетке 54,6 миң сом өндүрүлгөн.

**Жайылма айыл өкмөтү:**

- “Туз айылындагы ФАПтын тосмолорун жана зымдарын орнотуу” объектиси боюнча Аткаруучу «Гарант Строй Кей Джи» ААКнун эсебинен **7,9 миң сом** өндүрүлгөн эмес.

Андан тышкары, 2022-жылга бюджеттердин аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйрук толук кандуу аткарылган эмес, тактап айтканда:

- “Чоң-Далы айылында тышкы электр тармактарын киргизүү” объектиси боюнча Аткаруучу “Эльман строй” ЖЧКнун эсебинен **38,3 миң сом** өндүрүлгөн эмес;

- Сары-Жон айылынын жолун грейдирлөө” объектиси боюнча Аткаруучу “АСА Групп” ЖЧКнун эсебинен **17,8 миң сом** өндүрүлгөн эмес;

- “Туз айылындагы суу топтоочу башкы курулманы капиталдык оңдоо” объектиси боюнча Аткаруучу “АрХаус Билдинг” ЖЧКнун эсебинен **21,7 миң сом** өндүрүлгөн эмес.

Бүгүнкү күнгө Аткаруучу “Эльман строй” ЖЧКнун эсебинен 38,3 миң сом өндүрүлгөн.

**“Норус” Муниципалдык ишканасы:**

Мурдагы башкы бухгалтери Р.А. Атабаевадан **7,4 миң сом** өндүрүлгөн эмес.

2026-жылдын 29-апрелине карата берилген маалыматтарга ылайык, Р.А. Атабаевадан 7,4 миң сом өндүрүлгөн.

**Ысык-Ата району боюнча мүнөздөмө**

Ысык-Ата району – Чүй облусунун курамындагы административдик бирдик. Административдик борбору – Кант шаары. Район тоолуу жана өрөөндү аймактарды камтыйт, ошондой эле белгилүү Ысык-Ата капчыгайы жана санаторийи жайгашкан.

Райондо Ак-Кудук, Жээк, Жайылма, Кен-Булуң, Сын-Таш, Нурманбет, Кочкорбаев Узун-Кыр, Ысык-Ата айыл аймактары жайгашкан, жана жергиликтүү айылдык кеңештер бар.

Райондо Ысык-Ата капчыгайы жайгашкан, ал жер туристтер жана эс алуучулар арасында абдан популярдуу.

Социалдык-экономикалык паспорттук маалыматы боюнча шаардын калкы көп улуттан турат, калктын улуттук курамы:

- Кыргыз улутунда – жалпы калктын 52,8% саны 81 487 адам;
- Орус улутунда жалпы калктын 15,3% саны 23 662 адам;
- Өзбек улутунда жалпы калктын 1,8% саны 2 771 адам;
- Дунган улутунда жалпы калктын 15,8% саны 24 393 адам.

**2024-жылга Ысык-Ата районунун социалдык- экономикалык көрсөткүчтөрү**

Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн буйруктарын жана коллегия чечимдерин жетекчиликке алып, Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын өздүк чечимдерин аткаруу максатында, айыл өкмөт башчылары жана райондук мекеме-ишканалардын жетекчилери менен биргеликте 2024-жылы Ысык-Ата районунун социалдык–экономикалык өнүгүүсү боюнча төмөнкү көрсөткүчтөргө жетишкен.

2024-жылдын жыйынтыгы менен райондун өнөр жай секторунда жеке ишкерлерди, чакан жана орто ишканаларды кошкондо 33 401,5 млн. сомго өнөр жай продукциясы өндүрүлгөн, 2023-жылга салыштырмалуу өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси 114,0 % пайызды түзгөн, же өндүрүштүн көлөмү 7 734,2 млн. сомго ашык өндүрүлгөн.

2024-жыл ичинде ичинде 10 чарбалык субъект жана 3 ишкана ачылып 4 376,5 млн. сом капиталдык салымы менен ишке кирип, 950 адамдык жумуш орду түзүлгөн.

Отчёттук мезгилде тышкы экономикалык байланыштар жана соода иштерин жүгүртүү боюнча:

- жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө экспортун көлөмү 2023-жылдын жыйынтыгына карата 340 217,2 миң АКШ долларын түзгөн болсо, 2024-жылдын жыйынтыгына карата 1 111 414,62 миң АКШ түзүп 326,6 % көп аткарылган;
- жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө импорту 2024-жылдын жыйынтыгына карата – 918 739,9 миң АКШ долларын түзүп, 2023-жылдын жыйынтыгына карата 2 531,9 миң АКШ долларына азайды;

Тышкы экономикалык байланыштар соода тармагында негизги өнөктөштөр алыскы жана жакынкы чет өлкөлүк ишкерлер. Тамак-аш азыктары, кылкандуу дан эгиндери, көмүр, жер семирткичтер, курулуш жабдыктар жана башкалар экспорт менен импортко жиберүүнүн негизи болуп саналат.

2024-жылдын күзгү айдоо, себүү жумуштарына, Министрлер Кабинети тарабынан дотациялык урук каралып, 2024-жылдын 20-сентябрынан баштап, 30-октябрына чейин үрөн чарбалары үрөндөрдү дыйкан-фермерлерге, чарбаларга баардыгы болуп 64,2 тонна үрөн таратылган.

Андан тышкары квота менен “Гурт” сортундагы 35,9 тонна күздүк буудай, жана “Карнетто” жаздык буудайдын үрөнү Ысык-Ата районундагы дыйкан, фермерлерге “Айыл-Банк” ААК аркылуу 3 жылга таркатылды.

Чүй облусу боюнча 2024-жылга карата Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдар резервдер фондусу аркылуу 2024-жылдын түшүмүнөн сатылып алынуучу 1537,0 тонна аштык буудайдын бөлүштүрүү квотага ылайык бөлүнгөн. Ар бир айыл өкмөткө буудайдын себилген аянтына жараша квота бөлүштүрүлдү.

Райондо дыйкандардын буудай эгилген аянттарына жараша ар бир айыл өкмөт айыл чарба өндүрүүчүлөргө, буудайдын себилген аянтына жараша квотаны бөлүштүрүп, тизмеси түзүлүп, ошол тизмеси менен, 3-класстагы 1350 тонна аштык буудайды Мамлекеттик материалдык резервдер фондусуна караштуу "Кант Дан Азык" ААК тапшырылды.

2024-жылдын 12-айында айыл чарба боюнча өндүрүлгөн азыктардын жалпы көлөмү 20129,7 млн. сомду түзүп, 2023-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 105,5 % түзгөн, анын ичинен:

**Мал чарбачылыгынын продукциясы** 12 392,9 млн. сомго өндүрүлгөн, же 2023 жылга салыштырмалуу 103,5 % түзгөн, жана мал чарбачылыгынын негизи азыктардын өндүрүүсү төмөндөгүдөй:

- эт (тирүүлөй салмакта) – 17 887 тонна же 2023-жылга салыштырмалуу 652 тоннага көп өндүрүлгөн;
- сүт – 78 394 тонна же 2023-жылга салыштырмалуу 717 тоннага көп өндүрүлгөн;
- жумуртка – 130 296 миң же 2023-жылга салыштырмалуу 9 457 миң даанага көп өндүрүлгөн;
- жүндүн кыркылышы – 258,5 тонна, же 2023-жылга салыштырмалуу 28,1 тоннага көп кыркылган.

2024-жылга райондук өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланган долбоорлордун жалпы суммасы 51 018,7 миң сом түзөт, анын ичинен айыл өкмөттөргө 42 687,4 миң сом бөлүнгөн. Андан тышкары 8 331,3 миң сом башка бюджеттик мекемелердин долбоорлоруна каржыланган.

**2024-жылга жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүнүн аткарылышы**

Жергиликтүү бюджеттердин киреше боюнча жалпы план, республикалык бюджеттен түшүүчү трансферттерди кошкондо, 515 344,4 миң сомго бекитилсе жыл ичинде өзгөртүүлөр киргизилип, такталган план 554 656,8 миң сомго бекитилген. 2024-жылга бюджеттин киреше бөлүгүнүн накталай аткарылышы 546 747,1 миң сомду түзүп, план 98,6% камсыздалган, же болбосо пландан 7 909,7 миң сомго кем түшкөн.

2024-жылы республикалык бюджеттен расмий алынган трансферттердин көлөмү 86836,6миң сомду түзгөн, анын ичинен 52 164,0 миң сом теңдөөчү гранттар, 34 672,6 миң сом трансферт берилген ыйгарым укуктар (статисттерди, жоопту катчы кар жылоо, жер салыгын республикалык бюджеттен трансферт жана муниципалдык мекемелерге республикалык бюджеттен субсидиялар) түшкөн гранттар айыл өкмөттүн кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөгө жана каралган беренелерге жумшалган.

Бюджеттин салык кирешелери боюнча план такталып 293 924,13 миң сомго бекитилсе, накталай түшүүлөр 330 197,6 миң сомго камсыздалып, салык кирешелердин планы 112,0% аткарылган, жана салыктын төмөнкү түрлөрү боюнча төлөмдөр пландан ашыкча чогулган:

- кирешеге төлөнүүчү салыктар – 201 486,7 миң сомго бекитилсе, накталай түшүүсү 225981,91 миң сомго камсыздалып, план 112,1 % аткарылган;
- менчикке салынуучу салыктар – 63 837,1 миң сомго такталып бекитилсе, накталай түшүүсү 78 231,6 миң сомго камсыздалып, план 122,5% аткарылган;
- жер салыгы – 23 351,4 миң сомго бекитилсе, накталай түшүүсү 29 594,9 миң сомго камсыздалып, план 126,7% аткарылган.

Ошону менен бюджеттин кээ бир киреше булактары боюнча план-тапшырмалары аткарылбай калган, тактап айтканда:

- атайы режимдеги салыктар – 16 961,5 миң сомго пландалса, накталай түшүүсү 13388,8 миң сомго камсыздалып, план 78,9% аткарылган

- акы төлөп көрсөтүлүүчү кызматтардын түшүүсү – 20 358,9 миң сомго божомолдосо, накталай түшүүсү 16 011,6 миң сомго камсыздалып, план 78,9 % аткарылган;

2024-жылга карата салыктык эмес кирешелердин түшүүсү тактоолор жана толуктоолор менен 173 896,1 миң сомго божомолдоп бекитилген, кирешелердин накталай түшүүсү 142391,3 миң сомго аткарылып, 31 504,8 миң сомго пландан кем түшкөн, башкача айтканда план 81,9% аткарылган, анын ичинен АЧЖМФнун жерлеринин ижара акыларынан түшүүчү кирешелердин планы 114 118,8 миң сомго бекитилсе, накталай түшүүсү болгону 83 150,7 миң сомго камсыздалып, план 72,9% аткарылган, же киреше пландан 30 968,1 миң сомго кем түшкөн.

**2024-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы.**

Ысык-Ата району боюнча жалпысынан бюджеттердин 2024-жылга чыгаша бөлүгү боюнча такталган план 378 428,9 миң сомго бекитилген, 2024-жылдын ичинде толуктоолор менен 387 036,5 такталып бекитилсе, кассалык чыгымдар 334 681,4 миң сомду түзгөн, ал эми накталай чыгымдар 335 198,1 миң сомго аткарылып, такталган бюджет 86,5 % аткарылып, пландалган каражаттар толугу менен өздөштүрүлбөй калган.

701 Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар такталган план миң сомго бекитилип, кассалык чыгымдар 131 487,1 миң сомду түзгөн, же болбосо чыгымдар 88,7% аткарылган;

704 Экономикалык маселелер - такталган план 3 188,1 миң сомго бекитилип, кассалык жана накталай чыгымдар 2 529,4 миң сомду түзгөн, же болбосо чыгымдар 79 % аткарылган;

706 Турак жай жана коммуналдык кызмат көргөзүү боюнча - такталган план 91 250,9 миң сомго бекитилип, кассалык чыгымдар 81 928,2 миң сомду түзгөн, накталай чыгымдар 83 699,1 миң сомго аткарылып, башкача айтканда каражаттар 89,8 % өздөштүрүлгөн;

708 Эс алуу, маданият жана дин багыты боюнча - такталган план 31 917,9 миң сомго бекитилип, кассалык чыгымдар 27 214,5 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдар 28193,4 миң сомду түзгөн, же болбосо чыгымдар 85,3 аткарылган;

709 Билим берүү багыты боюнча - такталган план 205,0 миң сомго бекитилип, кассалык чыгымдар 194,5 миң сомду түзгөн, же болбосо чыгымдар 81,7% аткарылган;

710 Социалдык коргоо багыты боюнча - такталган план 15 357,2 миң сомго бекитилип, кассалык чыгымдар 14 539,1 миң сомду түзгөн, же болбосо чыгымдар 94,6 % аткарылган.

2024-жылга жергиликтүү бюджеттердин жана дем берүүчү гранттардын эсебинен жалпы суммасы 56 748,4миң сомду түзгөн 11 долбоор ишке ашырылган, анын ичинен керектелүүчү дем берүүчү гранттын суммасы 30 560,2 миң сом, өздүк каржылоо суммасы 26 139,0 миң сомго бекитилген.

Финансы министрлигинин комиссиясы трабынан долбоорлор тандалып келишим түзүлүп, конкурстук жол-жоболор аткарылган.

**Аудиттердин жыйынтыктары**

Чүй областынын Ысык-Ата районунда өткөрүлгөн шайкештик аудиттеринин алкагында: Ысык-Ата районунун мамлекеттик администрациясы, Ысык-Ата районунун өнүктүрүү фонду Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ысык-Ата райондук финансы башкармалыгы, Ысык-Ата районунун **9** өз алдынча башкаруу органдарында жана **9** муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Учурдагы аудиттерде, Чүй областынын Ысык-Ата районунда жүргүзүлгөн аудиттерде **51 107,7 миң сомго** финансылык бузуулар жана кемчиликтер аныкталган, анын ичинен **13 550,1** миң сом калыбына келтирилүүсү тийиш (*аудиттердин жүрүшүндө* 8 309,9 *миң сом калыбына келтирилген*), анын ичинде:

**110105** Бюджеттин киреше бөлүгүнүн ченемдик-укуктук актылардын талаптарына туура келбеши, сапатсыз пландоо – 2 024,5 миң сом;

**110301** Бюджетти түзүү менен байланышкан жана башка бузуулар – 9 152,8 миң сом;

**210302** Мажбурлап өндүрүү суммаларын (айыптарды, конфискацияларды, депозиттик эсептин талап кылынбаган суммаларын ж. б.), ошондой эле зыяндын ордун толтуруу катары алынган суммаларды бюджетке чегербөө (өз убагында же толук эмес чегерүү) – 418,9 миң сом, толугу менен калыбына келтирилүүсү тийиш;

**210305** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) – 550,5 миң сом, толугу менен калыбына келтирилүүсү тийиш *(аудиттердин жүрүшүндө 248,8 миң сом бюджетке өндүрүлдү)*;

**230101** Бюджеттик каражаттарды бюджеттик сметада каралбаган чыгымдарга пайдалануу – 2 441,5 миң сом;

**230106** Резервдик фонддордун каражаттарын бөлүү шарттарында каралбаган максаттарга пайдалануу – 23,0 миң сом;

**230303** Кызматкерлердин эмгек акысына жана башка акчалай төлөмдөр боюнча ченемден ашыкча чыгымдар – 1 577,2 миң сом;

**230305** ТМБ жана башка чыгымдар боюнча ченемден ашыкча чыгымдар – 3 814,2 миң сом;

**240101** Бюджеттерди аткаруудагы башка бузуулар жана кемчиликтер – 625,5 миң сом;

**310104** Негизги каражаттарды кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин эскиргендигин эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте кириштелбеген, эсепке алынбаган мүлктүн болушу – 4 537,2 миң сом, аудиттердин жүрүшүндө толугу менен эсепке алынды;

**310106** Тастыктоочу документтери жок товардык-материалдык баалуулуктарды жана мүлктү эсептен чыгаруу – 649,4 миң сом, толугу менен калыбына келтирүүсү тийиш, *(бүгүнкү күнгө 24,0 миң сом бюджетке төгүлдү);*

**310203** Мүлктү пайдалануу үчүн ижара акысынын өлчөмүн төмөндөтүү – 102,1 миң сом, 12,1 миң сом калыбына келтирүүсү тийиш *(аудиттин жүрүшүндө 12,1 миң сом бюджетке өндүрүлгөн);*

**310207** Мүлктү ижарага берүүдө ижара келишиминин шарттарын сактабоо – 4 299,1 миң сом толугу менен бюджетке өндүрүлүүсү тийиш *(аудиттердин жүрүшүндө 369,5 миң сом бюджетке өндүрүлдү);*

**310301** Мүлктү пайдалануудагы башка бузуулар – 18,4 мин сом толугу менен бюджетке өндүрүлүүсү тийиш;

**410205** Командировкалык чыгымдарды, жөлөк пулдарды, компенсацияларды ж.б. төлөмдөрдү төлөп берүүгө байланыштуу бузуулар – 42,8 миң сом, толугу менен калыбына келтирүүсү тийиш *(аудиттин жүрүшүндө 42,8 миң сом бюджетке өндүрүлгөн);*

**410211** Негизги каражаттарды таануу, эсепке алуу жана аммортизациялоо тартиби боюнча мыйзамдардын талаптарын бузуу – 1 889,0 мин сом аудиттердин жүрүшүндө толугу менен эсепке алынган;

**410215** Дебитордук карыздыр боюнча эсеп жүргүзүүдөгү бузуулар – 1 186,5 миң сом, толугу менен калыбына келтирүүсү тийиш *(аудиттердин жүрүшүндө толугу менен өндүрүлгөн)*.

Жол-жоболук бузуулар жана кемчиликтер:

**230306** ТМБ ченемден ашыкча запастары жана эсептешүүлөрдөгү каражаттар – 6 692,0 миң сом;

**5101** Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы бузуулар – 11 063,1 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын адиси тарабынан, Чүй областынын Ысык-Ата районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында 2024-жылдын 1-

январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы курулуш жана оңдоо иштерине, ошондой эле, жергиликтүү бюджеттерге дем берүүчү гранттардан жана Чүй областынын жана Ысык-Ата районунун Өнүктүрүү фонддорунан курулуш жана оңдоо иштерине бөлүнгөн каражаттарга шайкештик аудит жүргүзүлүп жаткандыгына байланыштуу, курулуш боюнча аудиттин жыйынтыгы менен кошумчалар жана толуктоолор киргизилет.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Чүй областынын Ысык-Ата районунун төмөнкү мекемелеринин бюджеттеринин аткарылышы жана муниципалдык ишканалардын иштери, бардык олуттуу аспекттеринде, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясы**

2024-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 23 019,8 миң сомго бекитилип, 23 069,8 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 21 349,3 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 21 624,7 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын жетекчисинин резервдик фондунун эсебинен 464,9 миң сом сарпталган, бирок каражаттарды максаттуу колдонуу боюнча тастыктоочу бухгалтердик биринчилик документтер түзүлбөй, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын талаптарын бузуу менен **464,9 миң сом** негизсиз эсептен чыгарылган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын талаптарын бузуу менен 464,9 миң сом негизсиз эсептен чыгарууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, жана негизсиз эсептен чыгарылган каражаттар боюнча материалдар калыбына келтирилип, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнө маалымат жиберилсин.

Мындан ары финансылык активдерди эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылдын ноябрь айында башкы бухгалтер К.Ш. Асамамбетованын жеке банктык эсебине айлык акы катары жалпы суммасы 84,0 миң сомго эки жолу төлөм жүргүзүлгөн анын ичинен 40,3 миң сом айлык чегерилбестен ашыкча төлөнгөн. Ошону менен бирге 2024-жылдын аягына чейин төлөнгөн аванс жабылбай, К.Ш. Асамамбетованын дебитордук карызы болуп келген. Бирок, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын талаптарын бузуу менен, К.Ш. Асамамбетованын 40,3 миң сомго дебитордук карызынын калдыгы, 2024-жылдын 31-декабрына карата бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде чагылдырылган эмес, же жашырылган.

К.Ш. Асамамбетованын дебитордук карызы 2025-жылдын 27-октябрында эсепке калыбына келтирилип, өндүрүлгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын 3-параграфынын талаптарын бузуу менен эмгек акы боюнча 40,3 миң сомго дебитордук карызын жашырууга жол берген К.Ш. Асамамбетованын тартиптик жоопкерчиликке тартылганы, жана дебитордук карызы 2025-жылдын 27-октябрында эсепке калыбына келтирилип, өндүрүлгөнү эске алынсын.

Мындан ары, дебитордук карыздарды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2023-жылдын 14-ноябрындагы №01-13/231 “2023-2024-жылдарга бюджеттик уюмдар үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин бекитүү жөнүндө” буйругу менен белгиленген ченем 8 733,9 кВт/саатты түзгөн, ал эми накталай 9 309,3 миң кВт/саат колдонулуп, натыйжада **3 363,7 миң сомго** 894,6 миң кВт/саат электр энергиясы ченемден ашыкча сарпталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2023-жылдын 14-ноябрындагы №01-13/231 “2023-2024-жылдарга бюджеттик уюмдар үчүн электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин бекитүү жөнүндө” буйругу менен бекитилген электр энергиясын пайдаланууга бекитилген ченемдер сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 8-главасынын 3-параграфынын талаптарын бузуу менен, автотранспорттук каражаттарды оңдоо боюнча тастыктоочу документтер жок **160,5 миң сом**, транспорттук каражаттарды оңдоого жумшалды деп, негизсиз эсептен чыгарылган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 8-главасынын 3-параграфынын талаптарын бузуу менен, автотранспорттук каражаттарды оңдоо боюнча тастыктоочу документтер жок 160,5 миң сом, транспорттук каражаттарды оңдоого жумшалды деп, негизсиз эсептен чыгарууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, жана жооптуу кызматкерлердин эсебинен бюджетке өндүрүлсүн.

Мындан ары, ТМБ жана каражаттарды эсептен чыгарууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 26-беренесинин талаптарын бузуу менен, конкурстук талаптарга жооп бербеген “Консалтинг Про” ЖЧК жеңүүчү катары туура эмес таанылып, 59,7 миң сомго кызмат көрсөтүү боюнча келишим түзүлгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 26-беренесинин талаптарын бузуу менен, конкурстук талаптарга жооп бербеген “Консалтинг Про” ЖЧК жеңүүчү катары тааныган комиссиянын мүчөлөрүнүн жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамдын талаптары сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н. Исмаилов

**Ысык-Ата районунун өнүктүрүү фонду**

2024-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 27 120,0 миң сомго бекитилген, 47 425,3 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 27 877,2 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 28 314,3 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ысык-Ата райондук өнүктүрүү фондусунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарынын эсебинен тогуз айыл өкмөтүнө 3 296,5 миң сомго 21 даана “PANTERA” үлгүсүндөгү мотороллерлер сатылып алынган. Ошол эле учурда, берилген кабыл алуу актыларын талдоонун жыйынтыгында, сатылып алынган “PANTERA” үлгүсүндөгү мотороллерлердин баасында айырмачылыктар аныкталган, тактап айтканда:

Ысык-Ата айыл өкмөтүнө - 142,0 миң сомдон (бир даанасы);

Нурманбет айыл өкмөтүнө - 158,0 миң сомдон;

Жээк айыл өкмөтүнө - 170,0 миң сом.

Жалпысынан арзан жана кымбат баада сатылып алынган техникалардын ортосундагы айырмачылык орто эсеп менен **314,5 миң сомду** түзүп, каражаттар үнөмсүз пайдаланылган.

**Сунуштама:**

Каражаттарды үнөмдүү пайдалануу максатында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өнүктүрүү фонддун каражаттарынын эсебинен сатып алууларды жүргүзүп жаткан жол-жоболорду катуу көзөмөлгө алып, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын сакталуусу камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 токтому менен менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдаланганы үчүн чыгымдардын компенсацияга белгиленген чектик нормаларынан ашык **23,5 миң сом** төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдаланганы үчүн чыгымдардын компенсациясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 токтому менен белгиленген чектик нормалардын алкагында төлөнүүсү камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н. Исмаилов

**Ак-Кудук айыл өкмөтү**

2024-жылга карата айыл өкмөттүн кирешелер бөлүгү активдер, милдеттенмелер жана атайын эсептин каражаттары менен кошулуп жалпы план 29 392, кирешенин накталай түшүүсү 63 543,4 миң сомду түзгөн, же план 107,0% аткарылып, кирешенин пландан көп 3 797,1 миң сом түшүүсү камсыздалган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115 беренесинин 4 бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен 2024-жылдын 6-декабрында №9/11-29 токтому менен 3 150,0 миң сомго өзгөртүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, ошондой эле өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесиндеги белгиленген тийешелүү мөөнөттөр сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Чүй областтык райондор аралык соттун 2023-жылдын 25-майындагы №ГД-334/23Ч8 ишинин чечиминин негизинде «Милянфан» сугат суу керектөөчүлөрдүн ассоциациясынын (АВП) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы 648,4 миң сомдук карызы айыл өкмөттүн бюджетинин эсебинен төлөнгөн, жана жергиликтүү бюджеттин жоготуусу болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айыл өкмөтүнүн түзүмүндө турбаган мекемелерге насыя алууга кепилчилик берүүгө, жана айыл өкмөттүн бюджетинин жоготууларына жол берилбесин.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» Жобонун 4-пунктун бузуу менен, 2024-жылдын 31-декабрына карата 3 жылдан узак мөөнөттө талап кылынбаган **19,4 миң сом** депозиттик каражаттар айыл өкмөттүн бюджетине өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

2024-жылдын 31-декабрына карата 3 жылдан узак мөөнөттө талап кылынбаган 19,4 миң сом депозиттик каражаттар бюджетке өндүрүлсүн. Мындан ары, депозиттик эсептеги каражаттарды колдонуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтому менен бекитилген «Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» Жобонун талаптары сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылдын штаттык бирдиктерин түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген "Айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмү жана штаттык санын", ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 санындагы "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө токтому менен бекитилген "Айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмүн" бузуу менен, типтүү штаттык сандан тышкары 15 штаттык бирдик киргизилген, жана 2024-жылы **396,7 миң сом** айлык акы чегерилген, анын ичинде социалдык төлөмдөр 58,4 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөттүн штаттык ырааттамасы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-февралындагы № 81 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык санынын чегин, түзүмүн жана штаттык расписаниесин бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген "Айыл өкмөтүнүн штаттык санынын чегине" шайкеш келтирилсин.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылы, ЖИ А. Ибраимовдун эсебине 559,6 миң сом которулган, жыл ичинде коюучу ЖИ А. Ибраимов тарабынан 509,7 миң сомго азык-түлүк жеткизилген, же болбосо 2024-жылдын 31-декабрына карата ЖИ А. Ибраимовдун 49,9 миң сом дебитордук карыз калган.

Бирок, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 7-главасынын талаптарын бузуу менен, ЖИ А. Ибраимовдун **49,9 миң сом** дебитордук карызы 2024-жылдын 31-декабрына карата бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде чагылдырылган эмес, же жашырылган.

Аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча тийиштүү бухгалтердик жүгүртүүлөр аткарылып, ЖИ А. Ибраимовдун 49,9 миң сом дебитордук карызы эсепте алынды.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча тийиштүү бухгалтердик жүгүртүүлөр аткарылып, ЖИ А. Ибраимовдун 49,9 миң сом дебитордук карызы калыбына келтирилгени эске алынсын, жана ЖИ А. Ибраимовдон өндүрүлсүн. Мындан ары, дебитордук карыздарды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

"АРИС" долбоору менен биргеликте Милянфан айылындагы ФАПтын имаратын 4 518,2 миң сомго капиталдык оңдоо иштери аткарылган, бирок, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын 1-параграфынын талаптарын бузуу менен, ФАПтын имаратынын баланстык баасы **4 518,2 миң сомго** көбөйтүлгөн эмес.

Аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп-кысапта тийиштүү жүгүртүүлөр аткарылып, ФАПтын имаратынын баланстык баасы 4 518,2 миң сомго көбөйтүлдү.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп-кысапта тийиштүү жүгүртүүлөр аткарылып, ФАПтын имаратынын баланстык баасы 4 518,2 миң сомго көбөйтүлгөнү эске алынсын.

Мындан ары, негизги каражаттарды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата 460,7 миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калдыкта калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары сакталсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №126 токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарын бузуу менен, 2215 "Ар-кыл товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү алуу" беренесинин каражаттарынын эсебинен 2231 "Коммуналдык кызмат көрсөтүү" беренесинин **992,4 миң сом** чыгымдары каржыланган (электр энергиясы).

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды колдонууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен

бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптары сакталсын.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ак-Кудук айыл өкмөтү менен «МИС» ААК ортосунда, АЧЖМФнун жерлерине ижара келишимин түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин 2022-жылдын 19-сентябрындагы 329-ни буйругу менен бекитилген "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин үрөнчүлүк, асыл тукум чарбаларга, айыл чарба кооперативдерине жана айыл чарбасынын экономикалык жактан артыкчылыктуу субъекттерине берүүнүн" тартибинин 7-пунктунун а) пунктчасына ылайык ижара акысы эсептелбей, айыл өкмөттүн киреше бөлүгүнүн жоготуусу орто эсеп менен 4 363,4 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөттүн киреше бөлүгүнүн жоготууларына жол бербей, ижара төлөмдөрүн көбөйтүү максатында, АЧЖМФнун жерлерин үрөнчүлүк, асыл тукум чарбаларга, айыл чарба кооперативдерине жана айыл чарбасынын экономикалык жактан артыкчылыктуу субъекттерине ижарага берүүдө, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин 2025-жылдын 25-февралындагы № 04-13/59 буйругу менен бекитилген "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин үрөнчүлүк, асыл тукум чарбаларына, айыл чарба кооперативдерине жана айыл чарбасынын экономикалык артыкчылыктуу субъекттерине берүү" Тартибин талаптары аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор С.Байбосунов

**"Ак-Кудук" муниципалдык ишканасы:**

2024-жылы Ишкананын чарбалык иш аткаруудагы киреше план көрсөткүчү 7 921,6 миң сомго бекитилип, иш жүзүндө 5 242,3 миң сомго аткарылган, же пландагы суммадан 2 679,3 миң сомго каражат аз түшүп, план 66,2 % аткарылган. 2024-жылдык иш жүзүндөгү чыгымдары 5 541,3 миң сомду түзгөн, жылдын жыйынтыгы менен 299,0 миң сомго зыян тарткан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылдын 27-майында айылдык кеңеш тарабынан ичүүчү сууга жана таштанды чыгарууга тарифтер бекитилген, жана 2024-жылы калкка жана кардарларга ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана таштандыларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүдөн Ишкананын кирешелеринин жоготуулары орто эсеп менен 1 234,2 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- ичүүчү сууга тариф ар бир жашоочуга айына 30 сомдон бекитилген, айыл аймакта орто эсеп менен 10940 адам катталган, же болбосо ичүүчү суудан түшө турган киреше орто эсеп менен 3 940,0 миң сом түшүш керек болгон. Андан тышкары ишкерлик жүргүзгөндөргө тариф 2,0 миң сом көлөмүндө бекитилип, 55 ишкерден 1 320,0 миң сом түшүш керек болсо, жалпы ичүүчү сууну жеткизүү кызматынан 2 814,2 миң сом түшүп, кирешенин жылдык жоготуусу 2 444,2 миң сомду түзгөн;
- -таштанды чыгаруу боюнча тариф бир түтүнгө айына 150-00 сомдон бекитилип, 2154 түтүндөн 3 877,2 миң сом киреше түшүш керек болсо, 780,5 миң сом киреше түшүп орто эсеп менен жоготуулар жоготуусу 3 096,7 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Ишкананын киреше булактарын толук колдонуу, ошону менен бирге кирешени көбөйтүү максатында, ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана таштандыларды чыгаруу боюнча кызматтарды колдонгон тургундардын жана кардарлардын саны такталып, ар бир кардар менен келишимдин түзүлүүсү камсыздалсын, жана Ишкананын кирешелерин жоготууларына жол берилбесин.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы "Мамлекеттик жана Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес

формада кабыл алуу жөнүндө“ №680/66-6 токтомунун сунуштарын аткаруу боюнча иш чаралар аткарылбай, 2024-жылы калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн накталай түрдө төлөмдөр орун алган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 “Мамлекеттик жана Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ токтомуна ылайык калкты накталай эмес төлөмдөрдүн ар кандай формаларын жана инструменттерин колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү үзгүлтүксүз төлөө мүмкүнчүлүгү камсыздалсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн жалпы 1 522,8 миң сомго товарлар, жумуштар жана кызматтар накталай акча каражаттарына сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Сатып алуу жол-жоболорун өткөрбөстөн, 1 522,8 миң сомго кызмат көрсөтүүлөрдү жана ТМБ сатып алууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги, мыйзамга жараша каралсын. Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларды уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашыгы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптарына ылайык, жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор С.Байбосунов

**Жээк айыл өкмөтү**

2024-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү тактоолор менен 55 965,3 миң сомго бекитилип, кирешелердин накталай түшүүсү 57 372,2 миң сомго камсыздалган, же план 102,0% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 58 035,9 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 52 635,5 миң сомго, накталай чыгымдар 32 753,4 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылдын 31-декабрына карата, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын 3-параграфынын талаптарын бузуу менен, “Кыргыз почтасы” ААК Ыссык-Ата райондук филиалынын 60,0 миң сомго жана күзөт кызматын аткарган “Патруль Профи” ЖЧКнун 50,0 миң сомго, жалпы **110,0 миң сомго** дебитордук карыздары бухгалтердик эсептен негизсиз чыгарылып, жашырылган.

**Сунуштама:**

2024-жылдын 31-декабрына карата, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын 3-параграфынын талаптарын бузуу менен, “Кыргыз почтасы” ААК Ыссык-Ата райондук филиалынын 60,0 миң сомго жана күзөт кызматын аткарган “Патруль Профи” ЖЧКнун 50,0 миң сомго, жалпы 110,0 миң сомго дебитордук карыздары бухгалтердик эсептен негизсиз чыгарылып, жашырууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

“Кыргыз почтасы” ААК Ыссык-Ата райондук филиалынын 60,0 миң сомго жана күзөт кызматын аткарган “Патруль Профи” ЖЧКнун 50,0 миң сомго дебитордук карыздары 2025-жылы өндүрүлгөнү эске алынсын.

Мындан ары, дебитордук карыздарды эсепке алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылы айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Д.Усуповго, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” №471 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын чегинен сыртка кызматкерлерди командировкага жиберүү менен байланышкан чыгымдардын ордун толтуруунун нормаларынан тышкары **21,4 миң сом** ашыкча төлөнгөн.

Аудиттин жүрүшүндө, ашыкча төлөнгөн 21,4 миң сом Э.Д.Усуповдон айыл өкмөттүн бюджеттик эсебине өндүрүлгөн.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө, ашыкча төлөнгөн 21,4 миң сом Э.Д.Усуповдон айыл өкмөттүн бюджеттик эсебине өндүрүлгөнү эске алынсын.

Мындан ары, Иш сапардык чыгымдардын ордун толтурууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы № 778 токтомунун талаптары сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылы Жээк айыл өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 6-главасынын 5-параграфынын талаптарын бузуу менен ТМБ жылдык инвентаризация жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

ТМБ сакталышын камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарына ылайык, ТМБ ар жылдык инвентаризация жүргүзүлүүсү камсыздалсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата 535,9 миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калдыкта калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2025-жылдын 1-январына карата АЧЖМФнун жерлеринин ижара акыларынын өндүрүлбөй калган суммасы 5 107,4 миң сомду түзүп, 2024-жылдын башына салыштырмалуу 1 199,3 мин сомго азайган. Ошону менен бирге, АЧЖМФнун жерлерин иштетүү үчүн түзүлгөн келишимдердин негизинде өндүрүлбөй калган ижара акыларга

аудиттин жүрүшүндө 2025-жылдын 1-сентябрына карата **681,6 миң сом** айып төлөм эсептелген (ижарачылардын тизмеси тиркелет).

Андан тышкары, 2024-жылдын 1-январына карата Жээк айыл аймагында жайгашкан кум-шагылдын аралашмасын казып алууга ижарага берилген жер тилкелеринин ижара акылары боюнча карыздар 1 549,9 миң сомду түзгөн. 2024-жылы 25 ижарачы (ЖЧК) менен түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасы 6 041,3 миң сомду түзгөн, жана 2024-жылы жалпы 5437,4 миң сом ижара акы өндүрүлүп, 2025-жылдын 1-январына карата ижара акылар боюнча карыздар 2 479,3 миң сомго чейин көбөйгөн.

Аудиттин жүрүшүндө, келишимдердин шарттары боюнча ижара акыларынын карыздарына 2025-жылдын 1-сентябрына карата **581,1** миң сомго айып төлөм эсептелген (ижарачылардын тизмеси тиркелет).

**Сунуштама:**

Ижара акыларын убагында өндүрүлбөй карыздардын көбөйүшүнө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Айыл өкмөткө тийешелүү жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылдын 26-февралында 4,86 га сугат жерге ижара аукциону өткөзүлүп, жыйынтыгында М.Осмонова 27,2 миң сомго ижара акысын сунуштап, утуучу таанылган. Бирок, айыл өкмөт тарабынан М.Осмоновага 15,1 миң сомго ижара акы эсептелип, **12,1 миң сомго** аз өндүрүлгөн. Аудиттин жүрүшүндө ижарачы М.Осмоновадан накталай төлөмгө берилген квитанция менен 12,1 миң сом бюджетке өндүрүлгөн.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө М.Осмоновадан накталай төлөмгө берилген квитанция менен 12,1 миң сом бюджетке өндүрүлгөнү эске алынсын.

Айыл өкмөткө тийешелүү жерлердин ижара акылары түзүлгөн келишимдерге ылайык өндүрүлүүсү камсыздалсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылы Жээк айыл өкмөтү тарабынан кум-шагылдын аралашмасын казып алууга жер тилкелерин ижарага алган 6 жоопкерчилиги чектелген коомдор (ЖЧК) менен айыл өкмөтүнө караштуу Жар-Башы, Боз-Бармак, Интернационал айылдарынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү, жана жылдык социалдык пакет берүү милдеттемелери бекитилген "жер казынасын пайдалануу боюнча негизги келишимдерге кошумча келишимдер" түзүлгөн, анын ичинен:

- "Восток Бетон" ЖЧК менен 2024-жылдын 12-июлунда түзүлгөн кошумча келишимде социалдык пакеттин суммасы жылына 1 000,0 мин сом;
- "Интрал плюс" ЖЧК менен 2024-жылдын 10-июлунда түзүлгөн кошумча келишимде социалдык пакеттин суммасы жылына 250,0 мин сом;
- "БИОР ПЛЮС" ЖЧК менен 2024-жылдын 1-августунда түзүлгөн кошумча келишимде социалдык пакеттин суммасы жылына 240,0 мин сом;
- "МУБРЕМ ИНШААТ" ЖЧК менен 2024-жылдын 30-августунда түзүлгөн кошумча келишимде социалдык пакеттин суммасы жылына 427,5 мин сом;
- "Кыргыз Курулуш" ЖЧК менен 2024-жылдын 23-сентябрында түзүлгөн кошумча келишимде социалдык пакеттин суммасы жылына 250,0 мин сом;
- "Атриа Групп" ЖЧК менен 2024-жылдын 6-декабрында түзүлгөн кошумча келишимде социалдык пакеттин суммасы жылына 500,0 мин сом.

Белгилей кетүүчү жагдай жогорудагы түзүлгөн социалдык пакеттерден "Восток Бетон" ЖЧК тарабынан 1 000,0 сом айыл өкмөтүнүн атайын эсебине которулган, ошону менен бирге, кум-шагылдын аралашмасын казып алууга жер тилкелерин ижарага алган 5 ижарачылар тарабынан, келишимдерде бекитилген социалдык милдеттемелер (социалдык пакет боюнча милдеттенмелер) бүгүнкү күнгө чейин аткарылган эмес, башкача айтканда, **1 667,5 миң сом** тийешелүү төлөмдөр же көмөк көрсөтүүлөр өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Ижара келишимдеринде бекитилген 1 667,5 миң сомго социалдык милдеттемелер (социалдык пакет боюнча милдеттенмелер) 5 ижарачыдан өндүрүлсүн, анын ичинде:

- “Интрал плюс” ЖЧКнун эсебинен 250,0 мин сом;
- “БИОР ПЛЮС” ЖЧКнун эсебинен 240,0 мин сом;
- “МУБРЕМ ИНШААТ” ЖЧКнун эсебинен 427,5 мин сом;
- “Кыргыз Курулуш” ЖЧКнун эсебинен 250,0 мин сом;
- “Атриа Групп” ЖЧКнун эсебинен 500,0 мин сом.

Мындан ары, айыл өкмөттүн бюджетинин киреше бөлүгүн көбөйтүү жана айыл аймактын социалдык өнүгүү программасын туруктуу каржылоо максатында, ижарачылар тарабынан, келишимдерде бекитилген милдеттемелерди өз убагында аткаруусуна талап коюлсун.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

“БИОР ПЛЮС” ЖЧК менен айыл өкмөттүн ортосундагы жер тилкелеринин ижара акылары боюнча өз ара эсептешүү актысын түзүүдө, 2022-жылга карата “БИОР ПЛЮС” ЖЧКнун 342,5 миң сом ижара акысы эске алынган эмес, башкача айтканда “БИОР ПЛЮС” ЖЧКнун Жээк айыл өкмөтүнүн алдындагы **342,5 миң сомдук** дебитордук карызы жашырылган.

Аудиттин жүрүшүндө “БИОР ПЛЮС” ЖЧК тарабынан төлөө тапшырмасы аркылуу 342,5 миң сом ижара акы боюнча дебитордук карызы Жээк айыл өкмөтүнүн бюджетине өндүрүлүп, калыбына келтирилди.

**Сунуштама:**

“БИОР ПЛЮС” ЖЧКнун Жээк айыл өкмөтүнүн алдындагы 342,5 миң сомдук дебитордук карызын жашырууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Аудиттин жүрүшүндө “БИОР ПЛЮС” ЖЧК тарабынан төлөө тапшырмасы аркылуу 342,5 миң сом ижара акы боюнча дебитордук карызы Жээк айыл өкмөтүнүн бюджетине өндүрүлүп, калыбына келтирилгени эске алынып, мындан ары жерлердин ижара акылары боюнча карыздарды жашырууга жол берилбесин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор М.Нуранов.

**“Иш-Башаты” муниципалдык ишканасы** *(уюштуруучусу Жээк айыл өкмөтү)*

2024-жылы жалпы кирешеси 4 477,3 миң сомго камсыздалса, ишмердүүлүктүн жыйынтыгында чыгашасы жалпы 4 348,3 миң сомду түзүп, жылдын жыйынтыгы менен 129,0 миң сом таза пайда тапкан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы “Мамлекеттик жана Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ №680/66-6 токтомунун сунуштарын аткаруу боюнча иш чаралар аткарылбай, 2024-жылы калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн 1 350,5 миң сом накталай түрдө төлөмдөр орун алган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 “Мамлекеттик жана Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ токтомуна ылайык калкты накталай эмес төлөмдөрдүн ар кандай формаларын жана инструменттерин колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү үзгүлтүксүз төлөө мүмкүнчүлүгү камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунун 2-пунктун бузуу

менен, Ишкананын сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун эрежелери боюнча ички документтери бекитилген эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы малекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомунун 2-пунктун бузуу менен сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун эрежелери боюнча ички документтери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы менен макулдашылып бекитилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор М.Нуранов.

**Жайылма айыл өкмөтү**

2024-жылга карата бириккенден кийин айыл өкмөтүндө кирешелер бөлүгү активдер, милдеттенмелер жана трансферттер менен такталган план 90 885,6 миң сомго бекитилген, накталай аткарылышы 90 016,8 миң сомго камсыздалып, план 99,0 % аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Жайылма айыл өкмөт тарабынан Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, 2022-жылга бюджеттин аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйрук толук кандуу аткарылган эмес, тактап айтканда:

- "Чоң-Далы айылында тышкы электр тармактарын киргизүү" объектиси боюнча Аткаруучу "Эльман строй" ЖЧКнун эсебинен 38,3 миң сом өндүрүлгөн эмес;
- Сары-Жон айылынын жолун грейдирлөө" объектиси боюнча Аткаруучу "АСА Групп" ЖЧКнун эсебинен 17,8 миң сом өндүрүлгөн эмес;
- "Туз айылындагы суу топтоочу башкы курулманы капиталдык оңдоо" объектиси боюнча Аткаруучу "АрХаус Билдинг" ЖЧКнун эсебинен 21,7 миң сом өндүрүлгөн эмес;
- "Туз айылындагы ФАПтын тосмолорун жана зымдарын орнотуу" объектиси боюнча Аткаруучу «Гарант Строй Кей Джи» ААКнун эсебинен 7,9 миң сом өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары аткарылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын 3-параграфынын талаптарын бузуу менен Хундай Соната авто машинасына **200,0 миң сом** кошумча амортизация эсептелген.

Аудит учурунда бухгалтердик маалымат берилип баланстык баасы калыбына келтирилди.

**Сунуштама:**

Мындан ары, негизги каражаттарды эсепке алууда жана амортизация эсептерин жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү» Мыйзамынын 9-беренесинин талаптарын бузуу менен айыл өкмөткө тийешелүү муниципалдык менчиктин реестри түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөткө тийешелүү муниципалдык менчиктин реестри түзүлсүн, жана мындан ары Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптары сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор А.Абдурасулов, Э.Токтошев

**"Норус" муниципалдык ишканасы** *(уюштуруучусу Жайылма айыл өкмөтү):*

2024-жылга карата киреше планы 17 174,6 миң сомго бекитилген, ал эми түшүүсү 10217,7 миң сомго камсыздалып, план 59,5 % аткарылган. 2024-жылы Ишкананын жалпы чыгымдары 9 714,0 миң сомду түзгөн, жана жылдын жыйынтыгы менен 503,7 миң сом таза пайда тапкан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, мурдагы аудиттин жыйынтыгы менен жиберилген жазма буйрук аткарылган эмес, тактап айтканда мурдагы башкы бухгалтери Р.А. Атабаевадан **7,4 миң сом** өндүрүлбөй келет.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары аткарылсын, жана 7,4 миң сом Р.А. Атабаевадан бүгүнкү күнгө ишкана эсебине өндүрүлгөнү эске алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, сатып алуу жол-жоболору өткөрүлбөстөн 1 557,3 миң сомго ТМБ сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Сатып алуу жол-жоболору боюнча коюлган талаптары сакталбастан, сатып алууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзамга жараша каралсын. Мындан ары мамлекеттик сатып алууларда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекиген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык % мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибинин талаптары аткарылсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы "Мамлекеттик жана Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө" №680/66-6 токтомунун сунуштарын аткаруу боюнча иш чаралар аткарылбай, 2024-жылы калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн накталай түрдө төлөмдөр орун алган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 "Мамлекеттик жана Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү

накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ токтомуна ылайык калкты накталай эмес төлөмдөрдүн ар кандай формаларын жана инструменттерин колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү үзгүлтүксүз төлөө мүмкүнчүлүгү камсыздалсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, бухгалтердик эсеп-кысап эски бухгалтердик ыкма менен жүргүзүлүп келет, жана эл-аралык стандартка ылайык финансылык отчетуулукка (МСФО) жооп бербейт.

**Сунуштама:**

Ишкананын бухгалтердик эсеп-кысап отчёту, Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелеринин талаптарына ылайык жүргүзүлүүсү, ошондой эле жылдык жыйынтыктоочу отчёттордун аткарылышы камсыздалсын, жана финансылык отчёттуулук эл-аралык стандарттарына шайкеш келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор А.Абдурасулов, Э.Токтошев

**Кең-Булуң айыл өкмөтү**

2024-жылга киреше жана чыгаша бөлүктөрү айылдык кеңешинин токтомдору менен бекитилген, мында бюджеттин биргелешкен киреше бөлүгү тактоолор менен 117 186,0 миң сомго бекитилген, кирешелердин накталай түшүүсү 118 914,3 миң сомго камсыздалып, план 101,5% аткарылган.

2024-жылдын бюджеттик каражаттардын чыгымдар боюнча жалпы планы 117 186,0 миң сомго такталып бекитилген, кассалык чыгымдар 81 234,1 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдар 56 387,7 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, мурдагы аудиттин жыйынтыгы менен жиберилген жазма буйрук аткарылган эмес, тактап айтканда:

- Кең-Булуң айыл өкмөтү тарабынан жазма буйруктун аткарылышы боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымат эки айга кечиктирилип 2025-жылдын 5-июнундагы №01-9/43 каты аркылуу берилген.
- “Гидростроитель айылындагы орто мектептин китепканасын оңдоо” объектиси боюнча Аткаруучу “Ак-Бата келечеги” ЖЧКнун эсебинен 56,8 миң сом бюджетке өндүрүлгөн эмес;
- Аткаруучу “Нур-Абад” ЖЧКнун эсебинен 400,4 миң сом бюджетке өндүрүлгөн эмес;
- Аткаруучу “Азия прогресс групп” ЖЧКнун эсебинен 136,2 миң сом бюджетке өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын талаптары аткарылсын, жана “Ак-Бата келечеги” ЖЧКнан 56,8 миң сом, “Нур-Абад” ЖЧКнан 400,4 миң сом, “Азия прогресс групп” ЖЧКнан 136,2 миң сом өндүрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» Жобонун 4-пунктун

бузуу менен, 2024-жылдын 31-декабрына карата 3 жылдан узак мөөнөттө талап кылынбаган **418,9 миң сом** депозиттик каражаттар айыл өкмөттүн бюджетине өндүрүлбөй келет.

**Сунуштама:**

2024-жылдын 31-декабрына карата 3 жылдан узак мөөнөттө талап кылынбаган 418,9 миң сом депозиттик каражаттар бюджетке өндүрүлсүн. Мындан ары, депозиттик эсептеги каражаттарды колдонуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтому менен бекитилген «Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» Жобонун талаптары сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Бирок Ивановка айылдык кеңешинин 2021-жылдын 6-октябрындагы №24/VIII-29 токтомунун талаптарын бузуу менен, "ЮНИК Лтд" ЖЧК тарабынан ижарага алган №909 контурдагы жалпы аянты 3 га жердин ижара акысын 90,0 миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн себептен, Ивановка айыл өкмөтүнүн бюджетинин жоготулары **90,0 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Ивановка айылдык кеңешинин 2021–жылдын 6-октябрындагы №24/VIII-29 токтомунун талаптарын бузуу менен айыл өкмөттүн бюджетинин 90,0 миң сом жоготууларына жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, жана ижара акысын аталган токтомдун негизинде бекитүү менен, жаңы келишимдин түзүлүүсү камсыздалсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгында каралбаган, айыл чарба продукциясын сатып алууга компенсация катары **355,8 миң сом** чегерилген (маалымат тиркелет).

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерге айлык акы чегерүүдө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талаптары сакталсын, жана Жарлыкта каралбаган чегерүүлөр токтотулсун.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарын бузуу менен 2215 "Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу" беренесинин эсебинен эмгек келишимдердин негизде иштеген жарандарга **114,2 миң сом** эмгек акы чегерилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды колдонууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптары сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Эмгек келишимдердин негизде иштеген жарандарга эмгек акы төлөө боюнча китепчесинин эсептөөлөрүндө салык жана социалдык милдеттүү төлөмдөр эсептелинген, ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 202-беренесинин талаптарын бузуу менен **9,8 миң сом** киреше салыктары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана

төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен эсептелген **31,1 миң сом** социалдык төлөмдөр тийешелүү бюджетке которулган эмес.

Аудиттин жүрүшүндө салык органдарына такталган отчёт тапшырылып, 40,9 миң сом тийешелүү бюджеттик эсептерге төлөнүп берилди (төлөө тапшырмалары тиркелет).

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө салык органдарына такталган отчёт тапшырылып, 40,9 миң сом тийешелүү бюджеттик эсептерге төлөнгөнү эске алынсын. Мындан ары, салык төлөмдөрүн аткарууда Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин талаптары, ал эми социалдык төлөмдөрдү аткарууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 3-декабрындагы № 729 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманы бузуу менен, каржылоодо эсепке алынууга тийиш 2 412,4 миң сомдук дебитордук карыздардын калдыгы эсепте калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын жана эсепке алынуучу дебитордук карыздардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары сакталсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылы 3 487,2 миң сом "Кыргыз почтасы" ААКнун Ысык-Ата райондук филиалына которулган, ошону менен бирге "Кыргыз почтасы" ААКнун Ысык-Ата райондук филиалы тарабынан 2024-жыл ичинде 2 843,4 миң сомго отчёт тапшырылган, же болбосо 2024-жылдын 31-декабрына карата "Кыргыз почтасы" ААКнун Ысык-Ата райондук филиалынын 643,8 миң сом дебитордук карызы калган.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 7-главасынын 3-параграфынын талаптарын бузуу менен, 2024-жылдын 31-декабрына карата "Кыргыз почтасы" ААКнун Ысык-Ата райондук филиалынын **643,8 миң сом** дебитордук карызы бухгалтердик эсептен негизсиз чыгарылган, же жашырылган.

Аудиттин жүрүшүндө белгилүү болгондой, "Кыргыз почтасы" ААКнун Ысык-Ата райондук филиалы тарабынан 532,8 миң сом 2025-жылы таркатылып берилген. Ал эми 111,0 миң сом аудиттин жүрүшүндө Кең-Булуң айыл өкмөтүнүн бюджетине кайтарылган (төлөө тапшырмасы тикелет).

**Сунуштама:**

2024-жылдын 31-декабрына карата "Кыргыз почтасы" ААКнун Ысык-Ата райондук филиалынын 643,8 миң сом дебитордук карызы бухгалтердик эсептен негизсиз чыгарууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, дебитордук карыздарды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө" жобосунун талаптары так сакталсын.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен, айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Джекшембаевге турак жайды ижаралоо боюнча **21,4 миң сом** негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Джекшембаевге “Иш сапар чыгымдары” беренесинен турак жайды ижаралоо боюнча негизсиз төлөнгөн 21,4 миң сом бүгүнкү күнгө айыл өкмөттүн бюджетине өндүрүлгөнү эске алынсын. Мындан ары Иш сапардык чыгымдардын ордун толтурууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы № 778 токтомунун талаптары сакталсын.

**10. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын 24- жана 26-беренелеринин талаптарын бузуу менен «Альфа Технолоджис» ЖЧКнун сунушу четке кагылып, 54,6 миң сомго жогору сунуш берген «Закиров А.М.» ЖИ менен 93,5 миң сомго кызмат көрсөтүү боюнча келишим түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын 26-беренесинин 5-пунктунун талаптарын бузуу менен, сунушуна кепилдикти камсыздоону бербеген «Элита групп» ЖЧК менен 1 130,0 миң сомго, жана Глобал Тревел» ЖЧК менен 1 045,3 миң сомго, «Церебра» ЖЧК менен 2 413,2 миң сомго кызмат көрсөтүү боюнча келишимдер түзүлгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузуу менен сатып алууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзамга ылайык каралсын.

Мындан ары, сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**11. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин» 25-пунктунун талаптарын бузуу менен №241217484220723 жарыясы боюнча конкурстун жыйынтыгында, 2 000,0 миң сомго кымбат сунуштаган «Комплекс Трейд» ЖЧК менен 10 900,0 миң сомго келишим түзүлгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузуу менен сатып алууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзамга ылайык каралсын.

Мындан ары, сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**12. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” 10-беренесинин талаптарын бузуу менен смета түзүү жана техникалык көзөмөл кызматтарын 458,3 миң сомго сатып алууда сатып алуу жол-жоболору жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузуу менен сатып алууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзамга ылайык каралсын.

Мындан ары, сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**13. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата 1 534,7 миң сомго отундун нормативден ашыкча запастары калдыкта калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары сакталсын.

**14. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын 11-параграфынын талаптарын бузуу менен 2024-жылдын ноябрь-декабрь айларында ВАЗ 2121 автоунаасына жол баракчалары түзүлбөстөн **18,2 миң сом**го 300 литр АИ-92 маркасындагы күйүүчү май негизсиз эсептен чыгарылган.

**Сунуштама:**

Негизсиз эсептен чыгарылган 18,2 миң сомго 300 литр майдын орду акча каражаттары менен бүгүнкү күнгө калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары ТМБ эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталсын.

**15. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылдын 1-январына карата АЧЖМФнун жерлеринин ижара акысынын карызы 11063,9 миң сомду түзгөн, 2024-жыл үчүн 16 809,7 миң сом эсептелип, жыл ичинде 17 337,6 миң сом өндүрүлгөн, же 2025-жылдын 1-январына ижара боюнча карыздар 10 537,0 миң сомду түзгөн, жана аудит жүргөн мезгилге карата 9 472,0 миң сомдук карызды өндүрүү боюнча райондук соттун чечимдери чыккан, анын ичинен 8 498,4 миң сом негизги карыз, 973,6 миң сом туумдар.

**Сунуштама:**

Ижара акыларын убагында өндүрүлбөй карыздардын көбөйүшүнө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Айыл өкмөткө тийешелүү жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**16. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ивановка айылдык кеңешинин 2019-жылдын 19-августундагы №63/28-XVIII токтому менен 1 га кум карьеринин ижара акысы 30,0 миң сом деп бекитилип, токтомдун негизинде Ивановка айыл өкмөтү тарабынан 11 компанияга баардыгы 90,6 га кум карьерлери 1 419,5 миң сомго келишимдердин негизинде ижарага берилген,.

Ал эми Ивановка айылдык кеңешинин 2021-жылдын 6-октябрындагы №24/VIII-29 токтомунун негизинде жогорудагы көрсөтүлгөн токтом жокко чыгарылып, 1 га кум карьеринин ижара акысы 60,0 мин сом деп бекитилген.

Бирок, 2021-жылдын октябрь айынан 2025-жылдын август айына чейин компаниялар 2021-жылдын 6-октябрындагы №24/VIII-29 токтомунун талаптарын бузуу менен, 2019-жылдын 19-августундагы №63/28-XVIII токтом менен бекитилген 30 миң сомдон ижара акы эсептелинип, айыл өкмөтүнүн бюджетине төлөнүп келген, жана 2022-2024 -жылдары, жогоруда көрсөтүлгөн токтомдор менен эсептелген ижара акыларынын айырмасы бардыгы

болуп 6 031,9 мин сомду түзгөн, жана айыл өкмөттүн жоготуулары болуп эсептелет (маалымат тиркелет).

Ивановка айылдык кеңешинин 2021–жылдын 6-октябрындагы №24/VIII-29 токтомунун негизинде 1 га үчүн 60,0 миң сом ижара акысы менен төлөө боюнча каттар жөнөтүлүп, кээ бир компаниялар тарабынан өзгөртүлгөн ижара акысы боюнча кайра эсептелинип төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөттүн кирешесинин жоготууларына жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, жана ижара келишимдерин түзүүдө айыл кеңештин чечимдеринин аткарылышы камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор С. Кокошеров

**“Мурас” муниципалдык ишканасы**

2024-жылга карата аткарылуучу өндүрүштүк-финансылык планы киреше бюджетинин бөлүгү 24 711,8 миң сом суммасында бекитилген, кирешенин накталай түшүүсү 18 913,1 миң сомго камсыздалган. 2024-жылдык өндүрүштүк-финансылык иш жүзүндөгү чыгымдары 18647,5 миң сомду түзгөн, же жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 265,6 миң сом пайда тапкан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылдын 1-январына карата Ишкананын таза суу жана таштандылар үчүн айыл аймак боюнча калктын карызы 3 946,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен 985,2 миң сом таза суу үчүн, 2 961,5 миң сом таштанды үчүн. Жыл ичинде жалпы 7 684,2 мин сомго кызмат көрсөтүлүп эсептелип, кардарлардан 4 863,6 мин сом түшкөн. 2024-жылдын 31-декабрына карата кардарлардын карыздары 6 767,3 миң сомго чейин, же жыл башына салыштырмалуу 2 820,6 миң сомго өскөн.

**Сунуштама:**

2024-жылдын 31-декабрына карата кардарлардын карыздары 6 767,3 миң сомго чейин көбөйүшүнө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын. Ишкананын кирешесин көбөйтүү максатында кардарлардын карыздарын өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, сатып алуу жол-жоболору өткөрүлбөстөн 290,0 миң сомго кызматтар сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Сатып алуу жол-жоболору боюнча коюлган талаптары сакталбастан, сатып алууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзамга жараша каралсын. Мындан ары мамлекеттик сатып алууларда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекиген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык % мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптары аткарылсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябры № 609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүү” Эрежелеринин 7-главасынын талаптарын бузуу менен, **19,0 миң сомго** сатылып алынган 1 даана уюлдук телефон эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде кириштелген эмес.

Аудиттин жүрүшүндө, бухгалтерлик оңдоп түзөөлөр жүргүзүлүп, «Жабдуулар» 2140 бухгалтердик эсепке **19,0 миң сомго** 1 даана уюлдук телефон негизги каражат катары кириштелди.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө, бухгалтерлик оңдоп түзөөлөр жүргүзүлүп, «Жабдуулар» 2140 бухгалтердик эсепке 19,0 миң сомго 1 даана уюлдук телефон негизги каражат катары кириштелгени эске алынсын.

Мындан ары, негизги каражаттарды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген "Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүү" Эрежелеринин талаптары сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябры № 609 токтому менен бекитилген "Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүү" Эрежелеринин 6-пунктун бузуу менен, 2024-жылдын май айында иштетилбей, оңдоодо турган МТЗ-80 тракторуна 4 күн үчүн жалпы **5,8 миң сомдук** 80 литр КММ негизсиз эсептен чыгышталган.

**Сунуштама:**

Негизсиз эсептен чыгышталган 5,8 миң сомдук 80 литр КММ бүгүнкү күндө бюджетке акча каражат менен калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары ТМБ эсепке алууда Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябры № 609 токтому менен бекитилген "Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүү" Эрежелеринин талаптары сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор С. Кокошеров

**Кочкорбаев айыл өкмөтү**

2024-жылдын бюджетинин киреше бөлүгү 26 991,3 миң сомго камсыздалган, же план 97,6% аткарылып, 670,3 миң сомго пландан киреше аз түшкөн.

Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 21 635,5 миң сомго бекитилген, жыл ичинде смета чыгымдары 47 358,9 миң сомго такталган. Кассалык чыгым 40 534,6 миң сомду түзүп, накталай чыгымдар 22 919,9 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарын бузуу менен 2721 "Элге социалдык жардам" беренесинин каражаттары, 2215 "Аркандай чыгымдар" беренесинин эсебинен аткарылуучу иш чараларга **1 287,2 миң сом** чыгымдалган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарын бузуу менен 2721 "Элге социалдык жардам" беренесинин каражаттары, 2215 "Аркандай чыгымдар" беренесинин эсебинен аткарылуучу иш чараларга чыгымдоого жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын. Мындан ары, бюджеттик каражаттарды колдонууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптары сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылы айыл өкмөттүн киреше булактарын тариздеп тактоо иштери аткарылбагандыктан, киреше бөлүгүн пландоодо салыктар боюнча кирешелер негизсиз **2024,5** миң сомго төмөндөтүлүп бекитилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айыл өкмөттүн кирешелер боюнча финансылык жылга план-болжолу, киреше булактарын тариздөө жана тактоолор менен, мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен түзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор У.Калчаев

**“Кочкорбаев” муниципалдык ишканасы**

2024-жылы кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн киреше 6 310,1 миң сом түзгөн, чыгашалардын жалпы суммасы 5 902,3 миң сомду түзгөн, же 2024-жылы ишмердүүлүктүн жыйынтыгы менен 407,8 миң сомго пайда тарткан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Оперативдүү пайдаланууга берилген 3 398,2 миң сомдук мүлк Ишкананын балансында негизги каражаттары катары кириштелген, ошону менен бирге аталган мүлк, айыл өкмөттүн балансында негизги каражаттар катары бухгалтердик эсеп-кысапта чагылдырылган.

**Сунуштама:**

Оперативдүү пайдаланууга берилген 3 398,2 миң сомдук мүлктүн эсеби, Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүү” Эрежелеринин талаптарына шайкеш келтирилип, эсептен чыгарылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, сатып алуулар боюнча ички тартип бекитилбей келет.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекиген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык % мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптарына ылайык ички сатып алуулар боюнча ички тартип түзүлүп, бекитилсин, жана сатып алуулар ички тартиптин негизинде жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор У.Калчаев

**Нурманбет айыл өкмөтү**

2024-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер жана милдеттемелер менен 23 774,5 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 49 107,9 миң сомго такталган, кирешелердин накталай түшүүсү 51 650,8 миң сомго камсыздалган, же план 104,8% аткарылган. Кассалык чыгымдар 40 513,2 миң сомго аткарылып, накталай чыгымдар 21 879,4 миң сомго аткарылган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылдын 31 декабрына карата ижара акылары боюнча өндүрүлбөй калган карыздар 2 038,7 миң сомду түзгөн, жана аудиттин жүрүшүндө ижара келишимдердин шарттарына ылайык ижарачыларга **27,0 миң сом**, айып төлөм эсептелди (тизме тиркелет).

**Сунуштама:**

Ижара келишимдердин шарттарына ылайык ижарачыларга эсептелген 27,0 миң сом, айып төлөм бүгүнкү күнгө өндүрүлгөнү эске алынсын. Ижара акыларын убагында өндүрүлбөй карыздардын көбөйүшүнө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Айыл өкмөткө тийешелүү жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н.Аширалиев

**“Нурманбет биримдиги” муниципалдык ишканасыны**

2024-жылдын “Бирдиктүү салык декларация” көрсөткүчтөрү боюнча, операциялык ишмердүүлүктүн негизги кирешеси, ал эми операциялык ишмердүүлүктүн дүң төлөөлөрүнүн жыйынтыгы болуп, отчеттуулук мезгилде пайда табылган (салык декларациясы, киреше жана чыгаша сметаларын аткаруу маалыматы тиркелет).

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, сатып алуу жол-жоболор өткөрүлбөстөн 405,1 миң сомго ТМБ сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Сатып алуу жол-жоболору боюнча коюлган талаптары сакталбастан, сатып алууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзамга жараша каралсын. Мындан ары мамлекеттик сатып алууларда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекиген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык % мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптары аткарылсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ишканада бухгалтердик эсеп жана финансылык отчёттуулук Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-П буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчётту жүргүзүү боюнча” жобонун негизинде мемориалдык-ордердик ыкмасы менен жүргүзүлөт.

**Сунуштама:**

Бухгалтердик эсеп-кысап, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттердин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерден башкасынын) финансылык-чарбалык ишинин бухгалтердик эсебинин колдонуу боюнча” Нускамага жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелеринин талаптарына шайкеш келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н.Аширалиев.

**Узун-Кыр айыл өкмөтү**

2024-жылга бюджеттин кирешелер боюнча планы 84 881,9 миң сомго такталып бекитилсе, кирешелердин накталай түшүүсү 83 787,3 миң сомго камсыздалып, план 98,7 % аткарылган.

Бюджеттин чыгымдар боюнча план 102 423,3 миң сомго такталып бекитилген, кассалык чыгымдар 65 127,8 миң сомго аткарылып, накталай чыгымдар 41114,7 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Узун-Кыр айыл өкмөтү тарабынан тарабынан Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жиберилген жазма буйрук толук кандуу аткарылбай, 132,5 миң сом бюджетке өндүрүлгөн эмес, тактап айтканда:

- “Алма-Ата көч., Школьная көч., Чапаев көч. асфальт-бетон катмарын оңдоо" объектиси боюнча Аткаруучу “Кантдорстрой” ЖЧКнун эсебинен 77,9 миң сом өндүрүлгөн эмес;

- “Новопокровка айылындагы №3 орто мектептин кичи футбол аянтчасын куруу” объектиси боюнча Аткаруучу “Гарант Компани” ЖЧКнун эсебинен 16,9 миң сом өндүрүлгөн эмес;

- “Сары-Жон айылында кичи футбол аянтчасын куруу” объектиси боюнча Аткаруучу “Гарант Компани” ЖЧКнун эсебинен 16,9 миң сом өндүрүлгөн эмес;

- “Достук айылындагы көчөлөргө шагыл төшөө жана грейдирлөө” объектиси боюнча Аткаруучу “Солто Курулуш” ЖЧКнун эсебинен 20,8 миң сом өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Бүгүнкү күнгө Солто Курулуш” ЖЧКнун эсебинен 20,8 миң сом жана “Гарант Компани” ЖЧКнун эсебинен 33,8 миң сом өндүрүлгөнү, ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас облаcттары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчиликке тартылганы эске алынсын.

Жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын талаптары аткарылсын, жана 77,9 миң сомду аткаруучулардан бюджетке өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 54-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы № 315 токтому менен бекитилген “Теңдөөчү трансферттердин көлөмдөрүн аныктоо” Тартибин бузуу менен 2024-жылдын 1-январына карата айыл өкмөттүн казнадагы эсебиндеги өздөштүрүлбөй калган 3 545,6 миң сом жана жыл аягындагы калдыгы 36 811,1 миң сом суммасында теңдөөчү грант ири өлчөмдө калдык калган. Ошону менен бирге, мурдагы аудиттин жыйынтыгы менен, республикалык бюджеттен бөлүнүүчү теңдөөчү гранттардын бөлүнүүсүн токтотуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине маалымат жөнөтүлсүн деген сунуштамасы аткарылбай, **9 158,2 миң сом** теңдөөчү грант республикалык бюджеттен негизсиз алынган.

**Сунуштама:**

Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн киреше булактары толугу менен айыл аймактагы ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө жетиштүү болгонуна байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 54-беренесине ылайык теңдөөчү трансферттерди бюджеттин киреше бөлүгүнө пландоо жана бюджеттен алуу токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесинин 4-бөлүгүн бузуу менен, Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн резервдик фондусунун каражаттарынын эсебинен **23,0 миң сом,** жергиликтүү кеңештерге шайлоо өткөрүү иш чараларына каржыланган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айыл өкмөттүн резервдик фондусунун каражаттарын колдонууда, Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптары сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгында каралбаган сый акылар катары **603,0 миң сом** чегерилген, анын ичинде социалдык төлөмдөр 88,7 миң сом.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерге айлык акы чегерүүдө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талаптары сакталсын, жана Жарлыкта каралбаган чегерүүлөр токтотулсун.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 токтому менен бекитилген "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобонун 4-главасынын талаптарын бузуу менен 2024-жылы атайын эсептеги каражаттардын эсебинен 5 штаттык бирдикке **311,0 миң сом** айлык акы чегерилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, атайын эсептеги каражаттарды колдонуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтому менен бекитилген "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобонун талаптары сакталсын, жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, штаттык санды күтүү практикасы токтотулсун.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 токтому менен бекитилген "Кызматтык жеке автотранспорттун кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануу укугуна ээ кызмат адамдарынын тизмегин" бузуу менен, Узун-Кыр айыл кеңешинин төрагасы К.Смановду кызматтык автоунаа менен камсыз кылууга **30,3 миң сомго** 520 литр АИ №92 маркасындагы КММ негизсиз сарпталган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 токтому менен бекитилген "Кызматтык жеке автотранспорттун кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануу укугуна ээ кызмат адамдарынын тизмегин" бузууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, кызматтык автоунааны колдонууда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 санындагы "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптары сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата 182,7 миң сомго отундун нормативден ашыкча запастары калдыкта калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү» Мыйзамынын 9-беренесинин талаптарын бузуу менен айыл өкмөткө тийешелүү муниципалдык менчиктин реестри түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөткө тийешелүү муниципалдык менчиктин реестри түзүлсүн, жана мындан ары, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” типтүү Жобосунун 31-пунктун бузуу менен, жер участокту баалоого каржыланган жалпы **11,9 миң сом** жер участогунун баасына ыйгарым укуктуу органдын адиси У. Солтонкулов тарабынан киргизген эмес.

Андан тышкары, Ленин айылынын Садовая көчөсү №52А дарегинде жайгашкан 380 м. кв. жер участогун сатып алган Шагидова Р.К. тарабынан 6,5 миң сом карызы төлөнбөй келет.

**Сунуштама:**

Аукцион жеңүүчүлөрдөн 11,9 миң сом, жер участогун сатып алган Р.К. Шагидовадан 6,5 миң сом жалпы 18,4 миң сом бюджет эсебине өндүрүлсүн. Мындан ары, айыл өкмөттүн жерлерин колдонууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” типтүү Жобонун талаптары сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А.Абдурасулов

**“Жашыл Мурас” муниципалдык ишканасы**

2024- жылга операциялык ишмердүүлүктүн кирешеси 9 544,9 миң сомго камсыздалса, операциялык ишмердүүлүктүн дүң төлөөлөрүнүн жыйынтыгы 8 639,9 миң сомду түзүп, жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 905,0 миң сом пайда тапкан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы “Мамлекеттик жана Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ №680/66-6 токтомунун сунуштарын аткаруу боюнча иш чаралар аткарылбай, 2024-жылы калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн накталай түрдө төлөмдөр орун алган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 “Мамлекеттик жана Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ токтомуна ылайык калкты накталай эмес төлөмдөрдүн ар кандай формаларын жана инструменттерин колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү үзгүлтүксүз төлөө мүмкүнчүлүгү камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 202-беренесинин талаптарын бузуу менен 2024-жылдын май, июнь, июль, август айларында кызматкерлерге чегерилген эмгек акыдан кармалган **207,9 миң сом** киреше салыгы тийешелүү бюджетке төгүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кызматкерлерге чегерилген эмгек акыдан кармалган 207,9 миң сом киреше салыгы бүгүнкү күндө бюджетке төгүлгөнү эске алынсын. Мындан ары, салык төлөмдөрүн аткарууда Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин талаптары сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен эсептелген **301,7 миң сом** социалдык төлөмдөр тийешелүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Айлык акыларга эсептелген 301,7 миң сом социалдык төлөмдөр тийешелүү бюджетке которулсун. Мындан ары, социалдык төлөмдөрдү аткарууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 3-декабрындагы № 729 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, сатып алуу жол-жоболору өткөрүлбөстөн 181,4 миң сомго кызматтар сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Сатып алуу жол-жоболору боюнча коюлган талаптары сакталбастан, сатып алууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзамга жараша каралсын. Мындан ары мамлекеттик сатып алууларда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекиген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык % мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибинин талаптары аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А.Абдурасулов

**Сын-Таш айыл өкмөтү**

2024-жылга карата айыл өкмөттүн кирешелер бөлүгү активдер жана милдеттенмелер менен кошулуп план 53 499,4 миң сомго такталып бекитилген, накталай түшүүсү 56 093,0 миң сомго камсыздалып, же план 104,8% аткарылган

2024-жыл үчүн такталган сметанын чыгымдар бөлүгү 59 945,2 миң сомго бекитилип, кассалык чыгымдар 56 201,3 миң сомго аткарылган, накталай чыгымдар 32 721,8 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Сын-Таш айыл өкмөтүнүн 2024-жылга карата социалдык-экономикалык жактан өнүгүү программасы боюнча 21 иш чара каралса, 2024-жылы 10 иш чара аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

Сын-Таш айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү программасын түзүүдө 2024-жылы аткарылбай калган иш чараларын аткаруу мөөнөттөрү, каржылоо булактары жана аткарууга жоопту болгон тараптар каралуу менен түзүлсүн жана бекитилип, программанын долбоорлору толук аткарылуусу камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 54-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы № 315 токтому менен бекитилген "Теңдөөчү трансферттердин көлөмдөрүн аныктоо" Тартибин бузуу менен, бюджеттин киреше бөлүгүн бекитүүдө, 2023-жылдын 1-январына карата айыл өкмөттүн казнадагы эсебиндеги өздөштүрүлбөй калган 8 264,4 миң сом бюджеттик каражаттардын калдыгы эсепке алынбай, республикалык бюджеттен негизсиз кошумча теңдөөчү трансферттер планга бекитилип, 2024-жылы республикалык бюджеттен каржыланган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кирешелер боюнча план, республикалык бюджеттен түшкөн трансферттердин жыл башындагы калдыгы эсепке алуу менен, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы № 315 токтому менен бекитилген "Теңдөөчү

трансферттердин көлөмдөрүн аныктоо” Тартибинин талаптарына ылайык түзүлүүсү камсыздалсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Чүй облусун өнүктүрүү фондусу тарабынан баланстык баасы **1 689,0 миң сомдук** негизги каражаттар Сын-Таш айыл өкмөтүнө алыш-бериш актысы менен өткөзүлгөн.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 6-главасынын 3-параграфынын талаптарын бузуу 2024-жылдын 31-декабрына карата өткөзүлүп алынган негизги каражаттар бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептерине кириштелген эмес.

Аудиттин жүрүшүндө, бухгалтердик эсеп боюнча тийиштүү бухгалтердик жүгүртүүлөр аткарылып, балanска кириштөө үчүн бухгалтердик маалымат берилди.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө, бухгалтердик эсеп боюнча тийиштүү бухгалтердик жүгүртүүлөр аткарылып, балanска кириштөө үчүн бухгалтердик маалымат берилгени эске алынсын. Мындан ары, негизги каражаттарды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата 1 131,2 миң сомго отундун нормативден ашыкча запастары калдыкта калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылдын 1-январына карата АЧЖМФнун жерлеринин ижара акыларынын жалпы дебитордук карыздары 3 505,1 миң сомду түзгөн, 2024 жыл ичинде түшкөн каражат 5 917,3 миң сомго камсыздалып, 2024-жылдын 31-декабрына карата ижара акылары боюнча дебитордук карыздардын суммасы 2 662,7 миң сомду түзүп, ижара акыларын өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн, аудиттин жүрүшүндө **1 000,0 миң сомго** айып төлөм эсептелди.

**Сунуштама:**

Ижара акыларын убагында өндүрүлбөй карыздардын көбөйүшүнө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Айыл өкмөткө тийешелүү жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Л.Сопиева

**“Сын-Таш-Таза аймак” муниципалдык ишканасы:**

2024-жылдын “Бирдиктүү салык декларация” көрсөткүчтөрү боюнча, ишмердүүлүктөн түшкөн киреше 7 937,0 миң сом, чыгаша 7 734,4 миң сомду түзгөн, же болбосо жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 202,6 миң сом пайда тапкан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы “Мамлекеттик жана Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ №680/66-6 токтомунун сунуштарын аткаруу боюнча иш чаралар аткарылбай, 2024-жылы калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн накталай түрдө төлөмдөр орун алган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 “Мамлекеттик жана Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ токтомуна ылайык калкты накталай эмес төлөмдөрдүн ар кандай формаларын жана инструменттерин колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү үзгүлтүксүз төлөө мүмкүнчүлүгү камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2024-жылга карата бухгалтердик эсеп-кысаптын абалы канааттандыраарлык эмес, жана Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелеринин талаптарын бузуу менен, финансылык отчёттуулук эл-аралык стандарттарына (МСФО) шайкеш келбей, тактап айтканда жылдык бухгалтердик баланс түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Ишкананын бухгалтердик эсеп-кысапты канааттандыраарлык эмес абалга алып келген кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын. Ишкананын бухгалтердик эсеп-кысап отчёту, Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелеринин талаптарына ылайык, жүргүзүлүүсү, ошондой эле жылдык жыйынтыктоочу отчёттордун аткарылышы камсыздалсын, жана финансылык отчёттуулук эл-аралык стандарттарына шайкеш келтирилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Л.Сопиева.

**Ысык-Ата айыл өкмөтү**

2024-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү 21 277,7 миң сомго такталып бекитилген, 2024-жылдын бюджетинин киреше бөлүгү (трансферттерди кошпогондо) 13 007,0 миң сомго аткарылган, же такталган планга салыштырмалуу 113,7%га аткарылган, башкача айтканда кирешенин түшүүсү 1 569,9 миң сомго көп түшүүсү камсыздалган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 21 257,7 миң сомго такталып бекитилген, кассалык чыгымдар 20 903,7 миң сомго аткарылса, накталай чыгымдар 15 731,9 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115 беренесинин 4 бөлүгүн бузуу менен айылдык кеңештин 2024-жылдын 13-декабрындагы №13/11-29 токтому менен бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө 4 232,7 миң сомго өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, ошондой эле өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесиндеги белгиленген тийиешелүү мөөнөттөр сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптарын бузуу менен, айыл өкмөт тарабынан 2024-жылы бюджеттик каражаттардын сметасынын 2215 беренесинин каражаттарынын эсебинен **47,7 миң сомго** 2111 беренесинен каржылануучу “малдын санын жана үй-канаттууларынын санын каттоо” боюнча эмгек келишимдери түзүлүп, кызматкерлерге төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды колдонууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясынын талаптары сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, 2024-жылы бош кызмат орундарына кадрлар резервинде турбаган 4 кызматкер ишке алынып, аларга **550,4 миң сом** эмгек акы чегерилген, анын ичинде социалдык төлөмдөр 81,0 миң сом.

**Сунуштама**:

Мындан ары муниципалдык кызматка дайындоодо, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата 434,4 миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калдыкта калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А.Утурова

**“Ысык-Ата” муниципалдык ишканасы:**

2024-жылга карата киреше планы 2 054,3 мин сом, ал эми иш жүзүндө 1 872,7 миң сомго аткарылган, такталган планга салыштырмалуу 181,6 миң сомго аз түшкөн. 2024-жылга карата киреше алууда аткарылган чыгымдар 1 871,6 миң сомду түзүп, 2024-жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 1,1 миң сом таза пайда тапкан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесинин талаптарын бузуу менен ишкананын мүдүрү А. Абдраимовго бош орун – финансы бөлүмүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруу жүктөлүп, **40,3** миң сом эмгек акы чегерилген, социалдык төлөмдөр 0,9 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле ишкананын иш-кагаздарын жүргүзүү адиси Ж. Кулмурсаевага бош орун – инвестиция тартуу боюнча башкы адисинин убактылуу милдетин аткаруучу жүктөлүп **27,7** миң сом эмгек акысы чегерилген, анын ичинде социалдык төлөмдөр 0,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгек мамилелерин түзүүдө Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 23-январындагы № 23 Эмгек кодексинин талаптары сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Ичүүчү суу жөнүндө” Мыйзамынын 21-беренесинин талаптарын бузуу менен, калкка ичүүчү суунун наркын монополияга каршы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашылган эмес.

**Сунуштама:**

Калкка ичүүчү сууну камсыз кылууда, жана ичүүчү сууга тарифтерди бекитүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын “Ичүүчү суу  жөнүндө” Мыйзамынын талаптары сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Утурова.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде, Ысык-Ата районунун төмөндө көрсөтүлгөн мекемелеринин бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы бардык олуттуу аспектилеринде аудиттин тийешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ысык-Ата финансы башкармалыгы**

2024-жылга сметалык чыгымдар республикалык бюджеттен 6 802,7 миң сомго бекитилген, 6 916,9 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 6 233,4 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 6 195,7 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н. Исмаилов

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн жетекчиси** **Т.Т. Шаменов**

Аткарган: мамлекеттик инспектор С.Байбосунов., тел./факс (0312) 62 35 18